«БЕКИТЕМИН»
И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик
техникалык университетинин ректору,
физика - математика илимдеринин
кандидаты, доцент

__________________ Чыныбаев М.К.
«___05___» _______________ 2021 г.

**И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасынын 2020-жылдын 27-декабрындагы отурумунун №12 протоколунан көчүрмө**

**Катышкандар:**

Акунов А.А. - кафедра башчысы, т.и.д., профессор - отурумдун төрагасы. Отурумдун мүчөлөрү: Бапиев А.С.- филос. и.к., доцент;Тоголоков А.М. – филос. и.к., доцент; Рыспаева С.Ж. - ага окутуучу; Үтүров Э.З.- ага окутуучу; Садыкулов З.С. – ага окутуучу; Алимова К.Т. – т.и.к., доцент; Эралиев С.Н. – т.и.к., доцент; Куттубекова В.М. – ага окутуучу; Кунтубаева А.А. – ага окутуучу; катчы - Элтенди кызы Э.

**КҮН ТАРТИБИ:**

3. Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча аткарылган кандидаттык илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин кол жазмасын талкуулоо.

**«Философия жана социалдык илимдер» кафедрасынын башчысы, т.и.д., профессор А.А.Акунов:** Урматтуу коллегалар, кафедранын бүгүнкү отурумунда биздин окуу жайдын ага окутуучусу В.М.Куттубекованын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча аткарылган кандидаттык диссертациясынын жана авторефератынын кол жазмасын талкуулайбыз. Илимий иштин жетекчиси этнограф, т.и.к., доцент Өмүрбеков Черикбай Казыгулович. Жазылган ишке илимий жетекчисинин колу коюлган пикири бар.

Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын Борбордук аттестациялык комитетинин реестрине киргизилген. Сунуштагалган

диссертациялык изилдөө теоретикалык жана практикалык жагынан кыргыз этнографиясы үчүн өтө актуалдуу.

Урматтуу отурумдун катышуучулары, В.М.Куттубекованын жазган диссертациялык ишин толугу менен окуп чыктынар. Эми ар бириңердин жазылган диссертация тууралуу оюңарды угуунун алдында, Сиздердин диссертациянын мазмууну, кемчиликтери жөнүндө диссертантка суроолорду берүүнөрдү өтүнөмүн.

**Диссертантка берилген суроолор: филос.и.к., доцент - А.С.Бапиев** – Этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды жазууда кандай тарыхый методологияны колдондуңуз?

**Изденүүчү:** Изилдөөгө керектүү маалыматтарды топтоодо айыл жерлеринде жашаган баяндамачылар менен командировкалык ыкмада байкоо, аңгемелешүү, суроо-жооп иретинде баяндамаларды топтоо иштери жүргүзүлүп, топтолунган эмпирикалык маалыматтарга анализ жүргүзүүдө салыштырма ыкмасы, сапаттык жана сандык ыкма, тарыхый айкындык ыкмасы колдонулду.

**Филос.и.к., доцент - А.М.Тоголоков** – Эмне үчүн изилдөөнүн объектиси катары Чүй жана Талас өрөөндөрүн алдыңыз?

**Изденүүчү:** Бул өрөөндөрдү тандап алгандыгымдын себеби төмөндөгүлөр болду: 1) 1956-жылы кыргыз элинин этногенези боюнча Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарында өткөн Эл аралык конференцияда орус совет окумуштуулары С.М.Абрамзон, Е.И.Махова, К.И.Антипина жана башка изилдөөчүлөр кыргыз элинин салттык материалдык жана руханий маданият үч аймактык топко бөлүшкөн. Ошол бөлүштүрүүдө Чүй өрөөнү түндүк тобуна, Талас өрөөнү түндүк-батыш тобуна кирген; 2) совет мезгилинде аталган өрөөндөрдө шаар тибиндеги калк жашоочу пункттар, темир жолдор, айыл чарба сырьёсун кайра иштетип чыгаруучу комбинаттар башка өрөөндөргө караганда көбүрөөк жайгашкан; 3) аталган өрөөндөрдүн калкы Кыргызстандын башка өрөөндөрүнө караганда көп улуттуу болгон. Жогоруда аталынган себептер айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өзгөрүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

**Ага окутуучусу Э.З.Үтүров** – Чүй жана Талас аймактарынын айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятында, тамак-аш системасында кандай өзгөчөлүктөр жана жалпылыктар өкүм сүргөн?

**Изденүүчү:** Изилденген кыштактардыгы чүйлүк жана таластык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын, тамак-аш системасынын мазмууну бири-бирине окшош. Күнүмдүк же коомдук тамак-аш ичүүнүн аталыштарында бир аз аймактык айырмачылыктар байкалат. Мисалы, эртең мененки тамак ичүүнү таластыктар “эртең мененки тамак ичүү” деп аташса, Чүй аймагынын бийик же бөксө тоолуу аймактарында жайгашкан кыштактарында “саар тамак ичүү” деп аташат. Ал эми коомдук тамак-ичүүдө эки өрөөндүн тең изилденген кыштактарында өткөн кылымдын 30-40-жылдарында “үйлөнүү тойду” “тойчук” деп аташкан. Мындан сырткары үйгө

келген конокторго берилген тамактардын түрлөрүнүн аталыштарында, союлган малдын (койдун же уйдун) этине болгон мамилелеринде бири-биринен айырмаланган өзгөчөлүктөр байкалат. Чүй аймагында изилденген кыштактарда жашылчалардан жасалган салат жана үй канаттууларынын эттеринен жасалган ысык тамак-аш багытындагы тамактын түрлөрүнө көңүлдөрүн көбүрөөк бурушса, Талас аймагынын кыштактарында камырдан жасалган ысык оокаттарды көбүрөөк колдонушат.

**Т.и.к., доцент К.Т.Алимова** – Эмне үчүн Сиз, коомдук тамак ичүүнү бөлүктөргө бөлдүңүз?

**Изденүүчү:** Коомдук тамак ичүү – этнографиялык жана маданий таануучулук категория. Аны өткөрүүдө үй-бүлө мүчөсүнүн (күйөөсүнүн же аялынын) бир туугандары, туугандары, таякелери, жээндери, чогуу иштеген адамдары, теңтуштары, достору, коңшулары, айылдаштары, кудалары жана жаш курагы, коомдо ээлеген социалдык абалы (ээлеген кызматы) жана башка көрсөткүчтөрү боюнча бири-биринен айырмаланган адамдар катышат. Коомдук тамак ичүүнү функционалдык милдеттерине карай төмөдөгүдөй топторго бөлдүк: адам баласынын турмушунда кезигүүчү салтанаттуу окуялар (жентек той, бешик той, тушоо кесүү, сүннөт той, үйлөнүү той, үй той, дипломду куттуктоо той), ритуалдык үрп-адаттар (адам каза болгондо өткөрүлүүчү үчүлүк, жетилик, кырк ашы, аш), расмий (*юбилейлик*) маарекелер (25 жаштык той, 50 жаштык той, 60 жаштык той, 25 жылдык үйлөнүү тою, 50 жылдык үйлөнүү тою), жашоо-турмушка байланышкан түлөөлөр (армияга узатуу жана армиядан кайтып келүү түлөөсү, катуу оорудан сакайып чыгуу түлөөсү, кырсыктан аман калган учурларда өткөрүлүүчү түлөө, жаз чыкканда түшүмдүн молдугун тилеп өткөрүлүүчү түлөө, жаратылыш кырсыктарынан аман-эсен чыккандыгына байланыштуу түлөө), чарбачылыктагы иштерди аткаруудагы коомдук тамак ичүү (сакманды өткөрүүдөгү тамак ичүү, талаа станындагы тамак ичүү) жана башкалар.

**Отурумдун төрагасы Акунов А.А.** – Урматтуу коллегалар, эми В.М. Куттубекованын даярдаган диссертациялык ишин талкууга өтөлүк. Өзүңүздөрдүн иш жөнүндөгү пикириңерди жана сындарды айтсаңыздар.

**Т.и.к., доцент С.Н.Эралиев:** Теманын актуалдуулугу, изилдөнүү деңгээли, негизги максаты жана милдеттери, жактоого коюлган негизги жоболору изилдөөнүн "Кириш сөзүндө" айтылды. Диссертациянын кол жазма текстин окуп чыккандан кийин, автор тарабынан кыргыз этнографиясында маанилүү проблеманы көтөрүп чыккандыгы жана аны талаа этнографиялык материалдары, этносоциологиялык сурамжылоолору менен далилдегендиги көрүнүп турат. Мен ишти көңүл коюп окуп чыктым. Кыргыз этнографиясы боюнча жазылган мурунку этнографиялык изилдөөлөрдөн айрымаланып турат. Менин илимий сунушум катары жазылган диссертациянын авторуна төмөндөгүдөй багыттагы илимий сунуштарды беремин: биринчи, изилденилген теманын актуалдуулугун конкреттештирсе; экинчи, изилдөөнүн баптарында көбүрөөк талаада чогултулган этнографиялык маалыматтар берилген, ошол маалыматтарды

салттуу жана инновациялык деп эки проблемага багыттаса; үчүнчү, кээ бир инновациялык жаңы тамактар изилдөөнүн курамына кирбей калган; төртүнчү, изилдөө ишинин экинчи бапында этносоциологиялык сурамжылоонун жыйынтыктарын көбүрөөк колдонсо жакшы болор эле. Менин пикиримде, кыргыздардын этнографиясын изилдөөдө эки багыттагы маалыматтар – этнографиялык жана этносоциологиялык илимий булак катары колдонулган. Ушундай өзгөчөлүгү менен Венера Мамбеталиевнанын изилдөөсү башка илимий изилдөөлөрдөн айырмаланат. Жалпысынан диссертациялык изилдөөдө этнографиялык, этносоциологиялык, статистикалык жана башка багыттагы маалыматтар көбүрөөк колдонулуп жогорку деңгээлде аткарылган. Ошондуктан, диссертация оң баага татыктуу жана аны ачык коргоого сунуштайм.

**Филос.и.к., доцеит А.С.Бапиев:** Сунушталган изилдөөнү мен толугу менен окуп чыктым. Изилдөөдө жаңы багыттагы этнографиялык баяндамалар Чүй облусунун Кемин районунун, Талас облусунун Кара-Буура районунун кыштактарында чогултулган этнографиялык маалыматтар жана этносоциологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары колдонулуптур. Кыргыз этнографиясында совет мезгилиндеги Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына арналган алгачкы илимий изилдөөнүн бири болуп саналат. Изилдөөдө айылдык кыргыздардын тамак-аш маданияты кененирээк масштабда алынган. Анын объектисине бышкан тамактарды даярдоодогу азыктардын түрлөрүнөн тартып, келген конокторго даяр тамак-ашты бергенге чейинки салттык жана совет мезгилинде пайда болгон эрежелери толук камтылган. Жазылган диссертациянын кол жазмасында менин оюм боюнча төмөндөгүдөй кемчиликтер кетирилген. Биринчиден, этносоциологиялык сурамжылоодон алынган жыйынтыктар изилдөөдо азыраак колдонулган сыяктуу; экинчиден, совет мезгилиндеги демографиялык жана урбанизациялык жараяндардын тамак-аш маданиятына тийгизген таасирлери азыраак берилгендей көрүнөт. Ошондой болсо да, сунушталынган изилдөөдө кенен багыттагы этнографиялык маалыматтар колдонулган жана ар бир бөлүктүн аягына кыскача корутундулар чыгарылган. Жыйынтыктап айтканда, В.М.Куттубекованынын даярдаган ишин мен колдоймун жана аны коргоого сунуштаймын.

**Ага окутуучусу Э.З.Үтүров:** Мен дагы изилдөөчү тарабынан жазылган "Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)" деген темадагы диссертациялык ишин абдан кызыгуу менен окуп чыктым. Бул теманын актуалдуулугу бизди эч качан шектендирбейт. Менин оюм боюмча, Кыргызстандын этнографтарынын жана этносоциологдорунун арасында бир илимий иште тарыхый булак катары өзү талаада чогулткан этнографиялык жана этносоциологиялык сурамжылоонун маалыматтарын колдонгондугунда. Мындай багытта жазылган илимий иштин эң алгачкыларынын бири болуп саналат. Диссертациялык изилдөө кыргыз

тилинде түшүнүктүү тил менен жазылган. Негизги булак катары он жылдан ашык мөөнөттүн ичинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарында өзү тарабынан чогулткан этнографиялык баяндамалар жана 2014-жылы ушул эле өрөөндөрдүн деңиз деңгээлинен түрдүү бийиктиктерде жайгашкан 6 кыштагынан этносоциологиялык сурамжылоону жүргүзүп, ошонун маалыматтарын колдонгондугунда. Мындан сырткары, автордун Ата Мекендик жана дүйнөлүк этнография илиминде жарыкка чыккан илимий адабияттарды жакшы билгендиги байкалып турат. Изилдөөнүн "Кириш сөзүндө" жактоого коюлган илимий жоболор диссертациянын баардык баптарында иш жүзүндө аткарылган. Мындай багытта жүргүзүлгөн ишти Кыргызстандын башка өрөөндөрүндө терендетип изилдөө зарыл. Ошондо кыргыз илим чөйрөсүнө чоң жаңылыктарды алып келет.

Иштин эмпирикалык базасы боюнча: иликтөөлөрүңүз абдан жакшы экен. Диссертациянын маңызын карап мен түшүнүп турам, Сиздин билим деңгээлиңиздин жетишеерлик экендигине. Кийинки изилдөөлөрүңүздө ушундай багыттагы типологияны улантышыңыз керек го деп ойлойм. Сизге ийгилик каалайм жана изилдөөңүздү Атайын түзүлгөн кеңеште коргоого сунуштаймын.

**Т.и.к., доцент К.Т.Алимова:** Жазылган тема Кыргызстандын этнография илиминде актуалдуу темалардын бири болуп саналат. Чындыгында совет мезгилинде кыргыз элинин тамак-ашы улуттук тамак-аш катары калыптанды. Бирок аны Кыргызстандын географиялык, административдик, чарбалык жана башка белгилери боюнча айырмаланган аймактарда жашаган айылдык кыргыздардын тамак-ашынын жыйындысы түзгөндүгү баарыбызга маалым. Ушундай тарыхый кырдаалды жакшы түшүнгөн Венера Куттубекова Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн айыл жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашынын өнүгүшүн изилдөөнүн объектиси катары алгандыгы бизди кубандырат. Изилдөөдө диссертацияга талап кылынган эрежелердин баардыгы иш жүзүндө аткарылган. Изилдөөнүн коомдук тамак ичүүгө арналган экинчи главасында талаада чогултулган этнографиялык материалдар жакшы чагылдырылган. Изденүүчү тарабынан көп, чоң жумуш аткарылган, атайын этносоциологиялык изилдөөлөр жүргүзүлгөн, бул абдан жакшы. Мен дагы изденүүчүгө ушундай темада диссертациясын ачык коргоого сунуштаймын.

**Отурумдун төрагасы А.А.Акунов:** Мен жогоруда айтылган пикирлердин көпчүлүгүнө кошулам. Сөзсүз диссертация актуалдуу темага жазылган. Бул тема өзүнүн теориялык жана прикладдык мааниси боюнча изденүүнү талап кылат. Изденүүчү факт жүзүндө көбүрөөк этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды колдонгон. Эмгектин негизин Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет мезгилинде жашаган кыргыз үй-бүлөсүнүн салттык жана инновациялык тамак-аштары түзгөн. Менин оюмча, автордун сунушталынган изилдөө аркылуу жасалган эмгегин эч ким танбайт. Изилдөө кыргыз тилинде өтө сабаттуулук менен логикалык жагынан абдан ырааттуу тартипте баяндалган.

Отурумда айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен Венера Мамбеталиевна Куттубекованын талкууга коюлган диссертациялык ишин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүү боюнча коргоого татыктуу деп эсептеймин жана ачык коргоого сунуштаймын.

Эми отурумдун мүчөлөрүнүн сын пикирлерине жооп берүү үчүн сөз изденүүчү В.М.Куттубековага берсек, анан добушка койсок.

**Изденүүчү:** Мен филос.и.к., доцент А.С.Бапиевге, филос.и.к., доцент А.М.Тоголоковго, т.и.к., доцент К.Т.Алимовага, ага окутуучулар Э.З.Үтүровго, З.С.Садыкуловго, т.и.к., доцент, этнограф С.Н.Эралиевге жана т.и.д., профессор А.А.Акунов башында турган "Философия жана социалдык илимдер" кафедрасынын жалпы эле профессордук–окутуучулук жамаатына баалуу пикирлери, пайдалуу кеңештери үчүн абдан ыраазымын. Сиздердин айткан сын-пикирлериңиздердин эске алуу менен илимий ишиме тиешелүү корректировкаларды киргиземин деп ишендирип кетемин. Кафедранын жамаатына диссертациялык ишти конструктивдүү жана мазмундуу талкуулап бергениңиздер үчүн ыраазычылыгымды билдиремин.

**Отурумдун төрагасы А.А.Акунов:** Урматтуу кесиптештер, изденүүчү В.М.Куттубекованын диссертациялык ишинин кол жазмасын талкуулоонун натыйжасында төмөндөгүдөй сунуш түштү: изденүүчү В.М.Куттубекованын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этносоциология жана антропология адистиги боюнча аткарылган кандидаттык диссертациясын айтылган пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылынсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» – бир добуштан, «каршы» – жок, «калыс» – жок.

Бир добуштан кабыл алынды.

**И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасынын 2020-жылдын 27-декабрында өткөрүлгөн отурумунун** Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология, антропология адистиги боюнча аткарылган кандидаттык илимий даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин

## ЖЫЙЫНТЫГЫ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз этнографтары, маданий таануучулары жана кулинардык тамактарды изилдөөчүлөрү тарабынан элибиздин совет мезгилиндеги тамак-ашына тиешелүү бир нече актуалдуу маселелер көтөрүлүп, изилдөөгө алынып келе жаткандыгына карабастан, азыркы мезгилге чейин Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-

бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашынын өнүгүүсү атайын этнографиялык жана этносоциологиялык багытта өз алдынча илимий иликтөөгө алынган эмес. Аталган аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн кээ бир тамак-ашынын түрлөрү жана тамак ичүүнүн эрежелери жалпы кыргыз элинин совет мезгилиндеги материалдык маданиятынын өнүгүүсүнүн алкагында толук эмес, чачкындуу түрүндө каралган.

Сунушталган изилдөөдө совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү даректүү этнографиялык баяндамалардын жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий айланпага алынды.

**Жасалган жумуштун теориялык жана практикалык жаңычылдыгы.** Совет доорундагы Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-ашынын мындай тармагындагы салттык жана аймактык эрежелерди, жаңылануу өзгөчөлүктөрүн жана алардын аралашма түрлөрүн азыркы мезгилде илимий жактан изилдеп чыгуу теориялык жана практикалык кызыгууну туудуруп, анын жыйынтыктары этнография жана этносоциология илимдери үчүн өтө пайдалуу.

Диссертациялык эмгекте чагылдырылган этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамалар этнография, этносоциология жана маданият таануу тармактарындагы изилдөөлөрдө, «Мекен таануу», «Ата Мекендин тарыхы», «Адеп», «Кыргыз элинин маданияты», «Кыргыз таануу», «Кыргыз этнографиясы» сабактарын өтүүдө окуу материалы катары пайдаланса болот.

**Жазылган диссертациянын жыйынтыктары жана сунуштары** теориялык багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берип, этнографиялык жана этносоциологиялык комплекстүү фундаменталдык изилдөөнүн пайда болушуна даректүү булак катары кызмат кылат.

**Жазылган диссертациянын мазмууну** 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистигине туура келет.

**Диссертациялык жумуштун түзүлүшү жана көлөмү** Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунуш кылынган негизги талабына толугу менен жооп берет.

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. В.М.Куттубекованын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этносоциология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешине коргоого сунуш кылынсын.
2. Айтылган пикирлер жана сунуштар эске алынсын;
3. Төмөнкү Бүтүмдүн тексти кабыл алынсын жана бекитилсин.

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Философия жана социалдык илимдер кафедрасынын изденүүчүсү В.М.Куттубекованын «Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде)» деген темадагы 07.00.07 – этнография, этносоциология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертациясы Д 07.21.628 Диссертациялык кеңешине коргоого сунушталсын.

Отурумдун төрагасы, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор — Акунов А.А.

Катчы: — Элтенди кызы Э.

«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ»

ИНН 02003199710104

№ 04-8/43

«10» 11 2021 ж/г

Копия верна

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

ОТДЕЛ КАДРОВ

Уч. секр Д 07.21.628